
# Алыскы континенттен келген мөмө-жемиштер-2



Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Алыскы континенттен келген мөмө-жемиштер-2

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Алыскы континенттен келген мөмө-жемиштер -2" (кыргыз тилинде), автор Нурия Умерова, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





– Мен эмне кылышты билем! Мен таптым! Таптым! – деп Алекс-робот кайра-кайра кайталап жатты.

Эгер робот адам болгондо, бул жоругун эргүү деп айтсак болот эле.

– Болду эми, Алекс, өтө толкунданып жатасың! Сенин оперативдүү системаң жабыркап калышы мүмкүн. Деги сага эмне болду?

– Мен эки материктин ортосундагы тоскоолдукту айланып өтүп, алыскы континентке жетүүнүн жолун таптым. Чыгыштын коргоочулары өздөрүнүн жерин жана таза суусун сакташ үчүн планетасынын өйдө жагына мунара куруп алышканын билесиңби? Ал эми Батыш континенттин техно-коргоочулары ошол мунарага баруучу жолго тосмо орнотуп коюшкан. Алар биздин континентке мөмө- жемиштердин киришине тыюу салышкан. Бирок экөөбүз тоскоолдуктарды ашып өтүп, мунарага жете алабыз.

Мен сенин атаңдын жашыруун кампасында жаткан темир-тезектен турбо-джет чогултайын. Аны менен континентке ар кандай мөмө-жемиштердин көчөттөрүн жана уруктарын алып келе аласың.

– Демек, биз күнөскана куруп алсак болот турбайбы? Сенин гений экениңди дайыма билчүмүн.

– Турбо-джет чогултуу үчүн мага бир жума керек. Сен эки материктин чек арасында техниканын эмне болорун билесиң да. Телепортация аймагына чанда эле биреөлөр жете алышат. Ошондуктан мен өзгөчө джет жасап чыгам.

– Азаматсың, Алекс! Чыдамсыздык менен күтөм.




Арадан бир жума өттү. Айша Чыгыш континенттеги досторуна видео байланышка чыкты.

Экранга кара тору, кой көз, кара чачтуу, бети кызарган бала чыкты. Бул баланын аты – Уве.Ал Айшанын досу.

– Айша, биз сени күтүп жатабыз. Урук менен көчөттөрдөн каалашыңча алып кетсең болот. Күнөскана салайын деген оюң бизге аябай жакты. Адамдарды пайдалуу азык менен камсыз кылам деп жатыптырсың. Сага жардам бергенге даярбыз. Бизде өскөн бардык өсүмдүктөрдүн уругун, көчөтүн бере алабыз, – деди Уве.

Айша ашканага барып, текчеден кутудагы “Тез татым” деп жазылган жасалма тамакты алып чыгып, ыргытып жиберди.

Бул маалда сырттан Алекс кирип келди.




– Капитан Айша, сиздин турбо-джетиңиз учууга даяр. Джеттин ичиндеги температуранын деңгээли 24-26 С. Пилотуңуз Алекс, – деди ал.

Айша саргыч түстөгү комбинезонун кийип, турбо-джетти көздөй чуркады.

Джет жапжашыл түстө экен. Тегерек терезелери күнгө чагылышып туруптур. Сүйүнгөн кыз роботту бетинен өөп жиберди.

– Кызым, өзүңө этият бол. Бул иш сенин колуңан келет, – деди Айшанын апасы узатып жатып.

– Апа, көрүшкөнчө. Жакында келип калам, – деп Айша турбо- джетке отурду.

Турбо-джет аарыдай ызылдап, асманга акырын көтөрүлдү. Бир аз убакыт өткөндөн кийин Айша менен Алекс Батыш континенттин тушунан турбуленттик аймакка кабылышты.

Кыз терезеден коргоочу чек арачылардын боз түстөгү турбо-джеттерин көрдү. Алар жакындап келишип, Айшанын турбо-джетин аткылай баштashты. Алекс рычагды чукул тартып, куугунчулардан бир заматта алыстап кетти. Мунарага жетип турбо-джетти токтотту да, Чыгыш тараптын коргоочуларына белги берди. Мунаранын ары жагындагы кызматчылар белгини кабыл алышып, алардын киргүсүнө уруксат беришти. Алекс менен Айша “3” деп жазылган телепортация камерасына киришип, сканерлөөдөн өтүштү.

Сканер 10 жаштагы, бою 138 сантиметр, салмагы 35 килограмм, сары чачтуу адамды көрсөттү.

– Андан кийин сканер операциялык системасы эскирген, жаңылануууну талап кылган 2090-жылы чыккан андроидди көргөздү. –

Телепортация процесси ишке киргизилди. Санак башталды. Телепортация он секунд убакытты алат...

– Биз жетчү жерге жеттик, – деди пилот Алекс. Телепортация аймагынан чыккан кыз менен робот жердин жарык боёкторуна, өсүп турган түрдүү өсүмдүктөргө суктанып калышты. Жапжашыл чөп, мөмөлөрү бар экзотикалык дарактар, гүлдөр, көлөкөлүү аллеялар укмуштуудай көрүнүп, көз жоосун алат. Жанында суу агып жатат.

Каалгып сүзгөн кичинекей кайыктардын ичинде балдар каткырып, күлүп бара жатышат.

– Айша! Сени көргөнүмө кубанычтамын! – деп Уве кыйкырды.

– Уве! – деп Айша сүйүнүп кетти. – Бул – Алекс.

– Салам, балакай! – деди Алекс.



– Бул менин досум – Эва, – деди Уве. Эва гүлдүү, ачык жашыл көйнөкчөн экен. Ал чачтары самандын түсүндөй сапсары, көздөрү кой көз, өңү кара торусунан келген кыз экен.

– Жүргүлө, биздикине. Мен силерге шаарыбыздын багын көрсөтөм. – деди Уве. Ал чөнтөгүнөн кичинекей тегерек пультту алып чыгып басты.

Бир маалда эле абада өзү башкарылган тик турбас формасындагы Е-мобиль пайда болду.

Электромобиль ылдыйлаганда, балдар ага түшүүгө үлгүрүштү. Унаанын ичинде ыңгайлуу орундуктарга бет-маңдай отуруп алышты.


Балдардын алдында шире жана балмуздак даярдаган аппараттар бар экен.


– Көк кнопканы бассаң, муздак мөмө ширеси куюлат. Жашылын бассаң, ширеден жасалган балмуздак чыгат, – деди Уве. Айшага анардын накта ширеси менен ананастан жасалган балмуздак аябай жакты. Е-мобиль бака сыяктуу “ква-ква” деген үн чыгарганы шаардык бакка жеттик деген белги болчу.


Айша бактардын бутактарында салаңдап өскөн түрдүү мөмөлөрдү көрдү.


Апельсин, алма, курма, авакадо, киви, ананастар шактарда ийилет. Ал жерде кыйыштырылган бактардын мөмөлөрү да бар экен. Укмуштуудай мөмөлөр дейсиң!

Тептегиз солдордо кулпунайдын чоң-чоң мөмөлөрү кызарып бышып турат.









Балдар көлөмү дарбыздай болгон бир кулпунайды үзүп келип бөлүп жешти. Кулпунай абдан даамдуу экен.

Мындан соң балдар бактын ортосундагы көлмөнүн жанына келишти. Алар кайыкка отуруп сүзүп жөнөштү. Кайык үстүндө жыргап сүйлөшүп, убакыттын кандай өткөнүн байкабай калышты.

Кечинде балдар жер кыртышын, көп өлчөмдөгү уруктарды жана көчөттөрдү кантип телепортация кылуунун планын түзүштү.

Кийинки күнү шаардын тургундары күнөсканага керектүү бардык нерселерди чогултушуп, Айша менен Алексти узатышты.

– Уве, сага ыраазычылык билдирем. Баарыңарга ыракмат! – деди Айша.


– Биздин континентке келип тур. Сени көргөндө кубанычта болобуз! – деди Уве.

Телепортациядан кийин, Алекс жер кыртышын, урук, көчөттөр салынган кутуларды турбо-джетке жүктөдү. Айша менен Алекс ошентип өз континентинин аймагына ийгиликтүү конуп алышты.

Бирок үйдө кыз менен роботту жаман сюрприз күтүп турган экен. Техно-коргоочулар телепортациянын максатын билүү үчүн келишиптир. Айша достору менен көрүшүп, аларга китеп белек берүү үчүн барганын айтты.

Бактыга жараша, акылдуу Алекс уруктар менен көчөттөр салынган кутуларды кампага жашырып коюуга үлгүрүптүр. Болбосо техно-коргоочулар бардыгын таап алып жок кылып жиберишмек экен.

Бир айдан соң Алекс Чыгыш континентинен көрүп келген бакчанын кичинекей көчүрмөсүн жасады. Бакчада бактар жана мөмө- жемиштер өсүп чыкты.





Андан сырткары, робот бакчанын ортосуна көлмө, кичинекей кайыктарды жана фонтан жасады. Күнөскана мунара формасында курулуп, аба тазалагыч орнотулду. Анын жасалма жарыктандыруусу да бар эле.

Мына эми, Айша үчүн эң маанилүү күн да келди. Бул – күнөскананын ачылышы эле. Тегеректеги балдардын баары гүлбакты көрүү үчүн келишти. Алардын ар бирине Алекс бирден данек белек кылды. Балдар терезеге орнотулган аба тазарткычтын жанына урукту өстүрөбүз деп убада беришти.

– Балдар гүлбакча тууралуу ата-энелерине, алар болсо, досторуна айтышты. Акыры континенттин жашоочулары Айшага жардам берип, күнөскананын аянтын чоңойтууга жардам берүүнү чечишти. Ар кайсы өлкөлөрдөн окулдөр келип, чогулуш өткөрүп, пландарды талкуулашты.

Ошол учурда техно-коргоочулар имараттын мунарасына кол салышты. Боз джеттер мунаранын тегерегинде аарыдай болуп учушуп, лазер октору менен мунараны талкалаганга аракет кылышты. Бирок Алекстин достору – боорукер роботтор мунараны өз денелери менен электромагниттик талааны пайдаланып коргоп калышты. Чабуул койгон джеттердин бардыгы жараксыз болуп калды.

Кыздын чечими континенттин жашоосун өзгөрттү. Башка өлкөлөр да козголоң чыгарып, жасалма тамак жегенден баш тартышты. Ошентип бардык техно-коргоочулардын программасын өзгөртүшүп, континенттер ортосундагы дубалды кулатышты.

Батыш континентинин адамдары көптөгөн бак тигип, адамдардын жашоосунун жакшырыш үчүн аябай чоң иш жасашты.

Айша менен Алекс-робот иш башында турду...

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**